К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университети – аймактагы алдыңкы жогорку окуу жайы.

Ысык-Көл мамлекеттик университетине 1992-жылы Касым Тыныстановдун аты берилген. К.Тыныстанов Ысык-Көлдө төрөлүп, Караколдо орус-тузем мектебинде окуган. Кыргыз поэзиясын, драматургиясын жана журналистикасын түптөгөндөрдүн бири. Кыргыз тил илимин негиздөөчү, Орто Азиядагы жана Казакстандагы алгачкы "Кызыл профессор".

Университеттин курамына 7 факультет, 1 борбор, 1 колледж, 1 техникум кирет. Алар:

1. **Экономика факультети;**
2. **Кыргыз филология, педагогика жана искусство факультети;**
3. **Математика жана информациялык технологиялар факультети;**
4. **Физика-техникалык факультет;**
5. **Табигый илимдер жана дене тарбия факультети;**
6. **Тарых жана туризм факультети;**
7. **Орус филологиясы жана чет тилдер факультети;**
8. **Үзгүлтүксүз билим берүү борбору;**
9. **ЫМУнун К.Тыныстанов атындагы колледжи.**
10. **К.Каракеев атындагы айыл-чарба техникуму**

Ысык-Көл мамлекеттик университети бай тарыхка ээ.

Университет 23 багыттын 48 профили боюнча бакалаврларды жана ошондой эле 5 багыт 7 профиль боюнча магистрлерди даярдайт.

Окуу процессин 21 кафедра жүргүзүп, жалпысынан 80ден ашык илимдин докторлору, профессорлор, кандидаттары эмгектенет.

Билим берүү 6 окуу корпусунда жүргүзүлүп, аларда 89 окуу аудиториясы, 51 окуу-методикалык кабинет, 16 лекциялык зал, 24 компьютердик жана мультимедиялык класстар, 19 лабораториялар, 16 тематикалык борборлор жана E-learning студиясы бар.

Университеттин илимий китепканасы аймактагы эле эмес республикабыздагы эң бай китепкана болуп эсептелет. Анын окуу, илимий, илимий-методикалык жана сурап билүү адабияттарынын фонду 446473 экземплярдан ашуун. Мындан тышкары окуу жайыбыз талапка ылайык деңгээлдеги материалдык-техникалык базага ээ.

**Окутуу бюджеттик жана контракттык негизде жүргүзүлөт.**

Окууда жана коомдук иштерде мыкты көрсөткүчтөргө ээ болгон студенттерге Президенттин, губернатордун, ректордун жана бириккен профсоюздар комитетинин стипендиялары ыйгарылат.

Муктаж болгон студенттер жатакана менен камсыз болот. ЫМУнун Окумуштуулар кеңешинин токтомуна ылайык, томолой жетим жана I, II топтогу майып студенттерге жатаканада акысыз жашоого мүмкүнчүлүктөр түзүлгөн.

ЫМУда англис, орус тилдерин тереңдетип окутуу боюнча окуу курстары түзүлгөн. Бардык студенттер Интернет менен иштөө мүмкүнчүлүгүнө ээ. Университеттин студенттери Эл аралык студенттик конференцияларга, көргөзмөлөргө, кароо-сынактарга, олимпиадаларга, мелдештерге жигердүү катышат.

Студенттердин бош убактысын максаттуу пайдаланууну уюштуруу үчүн «Толкун» маданий-эстетикалык борбору иштейт. Анда студенттик «Жалын» театры, комузчулар ансамбли, бий, акындык өнөр, гитаристтердин, вокалдык жана эстрада музыкаларынын студиялары, КВН, дебат жана этикет боюнча ийримдери иш алып барат. Мындан сырткары футбол, тогуз коргоол, баскетбол, дзю-до, эркин күрөш, жеңил атлетика, шахмат, волейбол, бокс, теннис ж.б. спорттук секцияларда машыгуулар жүргүзүлүп, мелдештер өткөрүлүп турат. Спорттук зал фитнестик машыгуу үчүн заманбап жабдуулары менен жабдылган.

Студенттик союз студенттердин өзүн-өзү башкаруу органы болуу менен, юридикалык тарап катары өзүнүн Уставына ээ.

Университетте Туристтик маалымат борбору, Мамлекеттик тил борбору, «Конфуций» кытай тили борбору, Кыргыз-араб маданий борбору, Орус тилин окутуу борбору ийгиликтүү иштеп жатышат.

ЫМУнун студенттери эл аралык академиялык мобилдүүлүк программаларына катышууга мүмкүнчүлүктөрү бар. ТЕМПУС жана Эрасмус + долбоорлору боюнча республикада алдыңкы орунду ээлейт. ЫМУ 80ден ашык келишимдер менен иш алып барат.

**Абитуриенттерди кабыл алуу төмөндөгү бакалавр** багыттары боюнча жүргүзүлөт **(окуу мөөнөтү–4 жыл): күндүзгү бөлүмү боюнча:** *(бюджет, контракт)*

**550200 – Физика-математикалык билим берүү**
- «Математика» (бюджет, контракт)
- «Информатика» (бюджет, контракт)
- «Физика» (бюджет, контракт)

**710100 – Информатика жана эсептөө техникасы**
- «Автоматташтырылган системаларды жана эсептөө техникаларын программа менен камсыздоо» (контракт)
- Саламаттык сактоодогу информатика жана биомедициналык инженерия (контракт)

**550400 – Социалдык-экономикалык билим берүү**
- «Тарых» (контракт)

**600200 – Туризм**
- «Туризмдеги мамлекеттик жана укуктук кызматтардын технологиясы жана уюштуруусу» (контракт)

**670300- Транспорттук процесстердин технологиясы**
- «Уюштуруу жана кыймыл коопсуздугу» (контракт)

**640200 – Электроэнергетика жана электротехника**
- «Электр энергиясы менен камсыздоо» (контракт)

**670200 – Транспорттук технологиялык машиналарды жана комплектерди эксплуатациялоо**
- «Транспорттук жана техникалык машиналарды жана жабдууларды эксплуатациялоо жана тейлөө» (контракт)

**550800 – Кесиптик билим берүү**
- «Агробизнестеги техникалык системалар» (бюджет, контракт)

**550300 – Филологиялык билим берүү**
- «Кыргыз тили жана адабияты» (бюджет, контракт)
- «Орус тили жана адабияты» (бюджет, контракт)
- «Чет тили» (англис, немец, француз, кытай) (бюджет, контракт)

**550600 – Көркөм билим берүү**
- «Көркөм сүрөт искусствосу» (бюджет, контракт)
- «Декоративдик-колдонмо искусство жана дизайн» (контракт)

**550100 – Табигый-илимий билим берүү**
- «Химия» (бюджет, контракт)
- «Биология» (бюджет, контракт)
- «География» (бюджет, контракт)

**520800 – Жаратылышты колдонуу жана экология**
- «Жаратылышты колдонуу жана экология» (контракт)

**730100 – Токой иштери жана ландшафттык курулуш**
- «Токой иши жана ландшафттык курулуш» (контракт)

**550700 – Педагогика**
- «Башталгыч билим берүүнүн педагогикасы жана методикасы» (бюджет, контракт)
- «Мектепке чейинки билим берүүнүн педагогикасы жана методикасы» (контракт)

**532000 – Дене тарбия**
- «Дене тарбия» (бюджет, контракт)

**580100 – Экономика**
- «Бухгалтердик эсеп, анализ жана аудит» (контракт)
- «Каржы жана насыя» (контракт)
- Салык жана салык салуу;

**720200 - Биотехнология**
- «Биотехнология» (контракт)

**710300 – Колдонмо информатика**
- «Колдонмо информатика» (контракт)

**510200 - Колдонмо математика жана информатика**
- Колдонмо математика жана информатика (контракт)

**531100 - Лингвистика**
- **«Котормо жана котормону таануу» (контракт)**

а) Англис тили, б) Немец тили, в) Орус тили, Түрк тили

- **«Теориялык жана колдонмо лингвистика» (контракт)**

а) Англис тили, б) Немец тили, в) Кытай тили
г) Араб тили, д) Корей тили, е) Орус тили

- **«Маданият аралык коммуникациянын теориясы жана практикасы» (контракт)**

а) Англис жана немец тили, б) Орус жана англис тили
в) Орус жана кыргыз тили

**610300 – Агроинженерия**
- «Агроинженерия» (контракт)

**690300 – Инфокоммуникациялык технологиялар жана байланыш системалары (контракт)**
- Коммутация системалары жана байланыш түйүндөрүү (контракт)
- Телекоммуникация (контракт)

**540200- Социалдык иш (контракт)**

**650400 – Технологиялык машиналар жана жабдуулар**
- Тоо өндүрүшүндөгү транспорттук системалар (ачык түрдөгү тоо иштери (контракт)

Бул жылы педагогикалык адистиктерге максаттуу (целевой прием) кабыл алуу жүргүзүлөт

**К.Тыныстанов атындагы ЫМУда магистр билим берүү багыты боюнча төмөнкү адистиктер боюнча кабыл алуу жүргүзүлөт:**

**550200 – Физика-математикалык билим берүү:**
а) Математика;
б) Физика

**550800 – Кесиптик билим берүү.**
а) Агробизнестеги техникалык система

**550300 – Филологиялык билим берүү:**
а) Кыргыз тили жана адабияты;
б) Орус тили жана адабияты.

**520800 – Экология жана жаратылышты пайдалануу.**
а) Экология жана жаратылышты пайдалануу

**550700 – Педагогика.**
а) Башталгыч билим берүүнүн педагогикасы жана усулу.

Окутуунун нормативдик мөөнөтү 2 жыл.
Аңгемелешүүдөн жана комплекстүү сынактан өтүшөт.

**Үзгүлтүксүз билим берүү борбору**
**(сырттан окутуу формасы боюнча)**

- **Тарых;**
- **Уюштуруу жана кыймыл коопсуздугу;**
- **Электр энергиясы менен камсыздоо;**
- **Транспорттук жана техникалык машиналарды жана жабдууларды эксплуатациялоо жана тейлөө;**
- **Кыргыз тили жана адабияты;**

- **Орус тили жана адабияты;**
- **Башталгыч билим берүүнүн педагогикасы жана методикасы;**
- **Биология;**
- **География;**
- **Жаратылышты колдонуу жана экология;**
- **Маалымат системалары жана технологиясы;**
- **Физика;**
- **Математика;**
- **Педагогика (Мектепке чейинки билим берүүнүн педагогикасы жана методикасы)**
- **Информатика;**
- **Токой иши жана ландшафттык курулуш;**
- **Туризмдеги мамлекеттик жана укуктук кызматтардын технологиясы жана уюштуруусу;**
- **Автоматташтырылган системаларды жана эсептөө техникаларын программа менен камсыздоо;**
- **Бухгалтердик эсеп, анализ жана аудит;**
- **Каржы жана насыя;**
- **Салык жана салык салуу;**
- **Дене тарбия**

### ЫМУнун К.Тыныстанов атындагы колледжи

2017-2018-окуу жылына колледжге абитуриенттерди кабыл алуу күндүзгү жана сырттан окуу боюнча төмөндөгү адистиктер боюнча жүргүзүлөт: 9-11 класс

1. **Экономика жана бухгалтердик учет (тармактар боюнча);** күндүзгү, сырттан
2. **Каржы (тармактар боюнча);** күндүзгү, сырттан
3. **Банк иши;** күндүзгү, сырттан
4. **Салык жана салык салуу;** күндүзгү, сырттан
5. **Автомобиль унааларын техникалык тейлөө жана оңдоо;** күндүзгү, сырттан
6. **Унаада ташууларды уюштуруу жана башкаруу;** күндүзгү, сырттан
7. **Электр менен жабдуу (тармактар боюнча);** күндүзгү, сырттан
8. **Туризм;** күндүзгү
9. **Автоматташтырылган системаларды жана эсептөө техникасын программалык камсыздоо;** күндүзгү
10. **Башталгыч класстарда окутуу;** күндүзгү
11. **Мектепке чейинки билим берүү;** күндүзгү
12. **Башкарууну документтик камсыздоо жана архив таануу;** күндүзгү
13. **Социалдык иш;** күндүзгү
14. **Менеджмент (тармактар боюнча);** күндүзгү
15. **Маркетинг (тармактар боюнча);** күндүзгү
16. **Дизайн:**
    **а) графикалык дизайн;** күндүзгү
    **б) кийимдердин дизайны.** күндүзгү
17. **Эсептөө техникасынын каражаттарын техникалык тейлөө жана компьютердик тармактар;** күндүзгү
18. **Айыл чарбасын механизациялоо;** күндүзгү
19. **Жыгачты кайра иштетүү технологиясы;** күндүзгү
20. **Бак-парктык жана ландшафттык курулуш.** күндүзгү

КР билим берүү министрлигинин 17.06.2014 №451/1 буйругу менен **Ысык-Көл айыл-чарба техникуму ЫМУнун** курамына кирген. Аталган техникум төмөнкү багыттар боюнча адистерди даярдайт:

21. Ветеринария; күндүзгү 9-11 кл.
22. **Ихтиология жана балык чарбачылыгы;** күндүзгү 9-11 кл.
23. **Агрономия.** күндүзгү 9-11 кл.

Жалпы орто билимдин базасында окуу мөөнөтү **1 жыл 10 ай,** сырттан окуу 2 жыл 4 ай. Колледжде окутуу контракттык негизде жүргүзүлөт. Колледжге кабыл алууну сынактык компьютердик тесттирлөөдөн университет өзү өткөзөт.

**Кыска мөөнөттөгү курстар**

- Машиналарды оңдоо боюнча слесарь.
- “B”жана“BC”категориясындагы айдоочуларды даярдоо.

**2019-2020 окуу жылына бюджеттик жана контракттык негизде окууга кабыл алуу жалпы республикалык тестирлөөнүн жыйынтыгы боюнча гана жүргүзүлөт.**

Үстүбүздөгү жылда эл аралык жана республикалык олимпиадаларда I орунду алган абитуриенттер конкурссуз кабыл алынат.

Ошондой эле кирүү сыноолорунда зарыл болгон балл топтой алган төмөнкү абитуриенттер конкурссуз кабыл алынат: Запаска бошотулган аскер кызматчылары; Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан каралган жеңилдиктерге ээ болгондор; врачтык-эмгектик эксперттик комиссия тарабынан тандалган адистик боюнча жогорку окуу жайында окууга уруксаты бар I, II топтогу майыптар.

**К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университети жогорудагы бардык бакалавр жана магистр багыттары боюнча окутууну жүргүзүү үчүн лицензияларга жана сертификаттарга ээ.**

**Кабыл алуу комиссиясына төмөндөгү документтер тапшырылат:**

- ♦ окутуунун формасы жана адистик так көрсөтүлүү менен белгиленген форма боюнча ректордун наамына жазылган арыз;
- ♦ орто, кесиптик орто же жогорку билими тууралуу документ (түп нускасы);
- ♦ 3 х 4 өлчөмүндөгү 6 фотосүрөт;
- ♦ Медициналык тактама (форма 086-у)
- ♦ паспорт жана аскерге милдеттүүлүгү тууралуу күбөлүгүн абитуриент өзү көрсөтөт;
- ♦ абитуриентти толук мүнөздөгөн башка документтерди (олимпиадалардын, спорттук мелдештердин дипломдору ж.б.) өзү көрсөтөт.

**Документтер 2019-жылдын 25-июнунан баштап кабыл алынат**

**Биздин университетке кош келиңиздер!**

**Кабыл алуу комиссиясынын дареги:**
722360, Каракол ш., Тыныстанов көчөсү, 32
Тел.: (3922) 52599, 51612, 50123
Факс: (3922) 50498 моб.0705805005
E-mail: interiksu@gmail.com

# КАСЫМ ТЫНЫСТАНОВ атындагы ЫСЫК-КӨЛ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ




## 2019-2020 - ОКУУ ЖЫЛЫНА АБИТУРИЕНТТЕРДИ КАБЫЛ АЛУУНУ ЖАРЫЯЛАЙТ

**Каракол - 2019**